# Виртуалдык активдер кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчү ишин жөнгө салуу боюнча сунуштардын жана жооптордун

# РЕЕСТРИ

| № | Сын пикирлер жана (же) сунуштар | Автор (коомдук консультациялардын катышуучусу) | Алган датасы | Иштеп чыккан органдын позици |
|---|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары —Улуттук банк), виртуалдык активдер кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоочулардын (мындан ары — сунуштоочулар) ишин укуктук жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу жөнүндө билдирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын (мындан ары — Финкөзөмөл) 2024-жылдын 12-февралындагы №11/556 катын карап чыгып, төмөнкүнү билдирет.<br>«Виртуалдык активдер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары — Мыйзам) 26-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 27-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, виртуалдык активдердин тооругунун операторлору жана виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору көрсөтүүчү кызматтардан тышкары, виртуалдык активдерге байланыштуу төмөнкүдөй айрым кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу каралган:<br>— виртуалдык активдерди которуу;<br>— виртуалдык активдерди сактоо, башкаруу жана контролдоо;<br>— эмитенттин виртуалдык активдерин баштапкы жайгаштырууга жана (же) сатууга байланышкан финансылык кызмат көрсөтүүлөр.<br>Бирок, учурдагы жөнгө салуунун алкагында, Мыйзамдын 27-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, банктарга тиешелүү лицензия алууга жана сунуштоочу катары виртуалдык активдерге байланыштуу кызматтарды көрсөтүүгө (виртуалдык активдерди которуу; виртуалдык активдерди сактоо, башкаруу жана контролдоо; эмитенттин виртуалдык активдерин баштапкы жайгаштыруу жана (же) сатуу менен байланышкан финансылык кызматтарды көрсөтүү) мүмкүндүк берген ченемдик укуктук актылар жок.<br>Ушуга байланыштуу, Мыйзамдын 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-5-пункттарында каралган кызматтарды көрсөткөн сунуштоочуларды лицензиялоо жана алардын ишин жөнгө салуу бөлүгүндө тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу же өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ченемдик укутук актыларды Мыйзамга ылайык келтирүү зарылдыгын белгилейбиз.<br>Ошондой эле Мыйзамдын 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-5-пункттарында каралган сунуштоочулар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды ачып көрсөтүү, атап айтканда, сунуштоочулар көрсөткөн «эмитенттин виртуалдык активдерин баштапкы жайгаштырууга жана (же) сатууга байланышкан финансылык кызмат көрсөтүүлөр» кызматы эмнени түшүндүрөт жана юридикалык жактар бул кызматты көрсөтүүдө кандай учурда сунуштоочунун лицензиясын алышы керектигин аныктоо зарылдыгын белгилейбиз.<br>Мындан тышкары, Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык «виртуалдык актив – наркка ээ болгон, баалуулуктун санариптик туюндурмасы жана/же мүлктүк жана/же мүлктүк эмес укуктарды күбөлөндүрүү каражаты болуп саналган, бөлүштүрүлгөн реестрлердин технологиясын же ошого окшош технологияны пайдалануу менен түзүлүүчү, сакталуучу жана жүгүртүлүүчү жана акча бирдиги (валюта), төлөм каражаты жана баалуу кагаз болуп саналбаган электрондук-санариптик формадагы маалыматтардын жыйындысы» деп берилген, ушуга байланыштуу ченемдик укуктук актыларда виртуалдык активдер кайсы валютада номинацияланышы (эмитерлениши) керектигин жана алар боюнча эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле анын чегинен тышкары кандай валюталарда жүргүзүлүшү мүмкүн экендигин аныктоону сунуштайбыз. | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы | 04.03.2024 | Виртуалдык активдер кı<br>көрсөтүүлөрүн берүүчүлөргө,<br>ичинде Улуттук банктын көзөм<br>алынган банктарга, банк эмес фин<br>кредит уюмдарына жана б<br>юридикалык жактарга, к<br>лицензиялык негизги тал<br>ошондой эле лицензия бер<br>тартиби Кыргыз Республикас<br>«Виртуалдык активдер жөн<br>Мыйзамынын (мындан ары – Мы<br>29, 30-беренелери менен аныкталга<br>Ушуга байланыштуу, Ул<br>банктын көзөмөлүнө алынган<br>банк эмес финансы-кредит уюму<br>башка юридикалык жак болуп сан<br>виртуалдык активдер кı<br>көрсөтүүлөрүн берүүчүсүнүн<br>лицензиялоо процессин жөнгө са<br>ченемдик укуктук актыларды и<br>чыгуунун зарылдыгы жок.<br>Ошондой эле, Мыйзамдын<br>беренесинин 6-бөлүгүнө ылай<br>Улуттук банктын көзөмөлүнө ал<br>банктар, банк эмес финансы-к<br>уюмдары жана башка юриди<br>жактар тарабынан ушул Мыйза<br>26-беренесинин 1-бөлүгүнүн<br>пункттарында каралган виртуа<br>активдерге байланышкан кı<br>көрсөтүүлөрдү берүүнүн тартиби<br>талаптары Улуттук банктын чене<br>укуктук актыларында аныкта<br>керек.<br>Улуттук банктын калган сунуш<br>тиешелүү ченемдик укуктук акты<br>иштеп чыгууда эске алынат. |